DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 2, 2020

## ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ
## ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
## PEDAGOGICAL SCIENCES

*Сүйүн кызы Г.*

# ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНДА СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШИНДЕ ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫН ЧАГЫЛДЫРУУ

*Суйун кызы Г.*

# ОТРАЖЕНИЕ ПРОИЗВЕДЕНИЙ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА В САМОСТОЯТЕЛЬНОЙ РАБОТЕ СТУДЕНТОВ В ВЫСШИХ УЧЕБНЫХ ЗАВЕДЕНИЯХ

*Suiun kyzy G.*

# REFLECTION OF WORKS CHINGIZ AITMATOV'S IN INDEPENDENT WORK OF STUDENTS IN HIGHER EDUCATION INSTITUTIONS

*УДК: 84-94*

*Макалада улуу жазуучубуз Чынгыз Айтматовдун чыгармаларын студенттердин өз алдынча ишинде чагылдыруу маселеси каралган. Изилдөөнүн натыйжасында жазуучунун чыгармаларын студенттин өз алдынча ишинде адамзаттын глобалдык масштабда маселелерине терең иликтөөнү талап кылаары белгиленди. Ч. Айтматовдун чыгармалары терең философиялык мааниге ээ жана адамзат турмушунан алынган фактыларга таянып жазылган. Мындай маанилүү чыгармаларды бир гана аудиториялык сабактарда карап коюу жетишсиз. Анын терен маанисине кирүү үчүн студенттердин өз алдынча ишинде каралуусу абзел. Студенттер өз алдынча да окуп үйрөнүп, иликтөө менен терең маанисине жетип, өз турмушунда пайдаланып жана жекече жыйынтык чыгарып эркин калыптануусуна алып келет. Студенттердин философиялык ой жүгүртүүсүн, аң-сезиминин туура багытта өнүгүүсүнө түрткү берет. Макалада чыгарманы окугандан кийин студенттин таасир алуусу, ийгиликтүү аткарган ишине канааттануусу пайда болору белгиленет.*

***Негизги сөздөр:*** *жазуучу, доклад, реферат, интелектуалдык, билим, илим, чөйрө, адабият.*

*В статье рассматриваются вопросы по произведениям Чингиза Айтматова для СРС. В ходе исследования выявили необходимость дальнейшего глубокого изучения проблемы человечества в глобальном масштабе. Произведения Ч.Айтматова имеют глубокую философскую мысль и написаны фактами, взятыми из жизни человечества. Такие важные произведения изучать в аудиторных занятиях считается недостаточным. Чтобы глубоко изучить эти произведения необходимо оставят на самостоятельную работу студентов. Изучив самостоятельно студенты достигнут полного смысла произведений и использует в своей жизни, делают выводы, самостоятельно адаптируются в жизни. Произведения влияют на философское мышление студентов и на правильное развитие мировоззрения студентов. В статье отмечено, что после изучения произведению у студентов появляются удовлетворение проделанной своей работой.*

***Ключевые слова:*** *писатель, доклад, реферат, информация, знание, наука, сфера, литература.*

*In article it is considered questions on Chingiz Ajtmatov's works for independent work of students. During research have revealed necessity of the further deep studying of a problem of mankind on a global scale. Ch. Ajtmatov's works have a deep philosophical idea and are written by the facts taken from a life of mankind. Such important works to study in classrooms is considered insufficient. Deeply to study these works it is necessary will leave on independent work of students. Having studied independently students will reach full meaning of works and uses in the life, do conclusions, independently adapt in a life. Works influence philosophical thinking of students and proper development of students' world outlook. It is noted in the article that after studying the work students get satisfaction with the work they have done.*

***Key words:*** *the writer, the report, the abstract, information, knowledge, science, sphere, literature.*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Азыркы учурда Кыргызстандагы бардык жогорку окуу жайларында аудитордук сааттан сырткары студенттердин өз алдынча иштөөсүнө атайын саат бөлүнүп каралган. Мындан улам студенттердин өз алдынча иши деген эмне, ал эффективдүүбү деген маселе жаралат. Алгач "студенттин өз алдынча иши"-деген аталышка аныктама берсек. Алардын бири катары А.Ф.Алхановдун белгилөөсүнө токтоло кетсек [1].

Анын айтуусунда студенттердин өз алдынча иши – бул мугалимдин жетектөөсү жана контролдоосу астында ишке ашырылуучу окуу процессинин маанилүү бөлүгү болуп саналат. Анын жүрүшүндө студенттин билимге ээ болуу жана аны бекемдөө боюнча чыгармачылык ишмердүүлүгү ишке ашат. Алган билими жана практикалык иши аркылуу жаңыча таанып билүүсү, илимий көз карашы калыптанат.

Студенттердин өз алдынча ишин уюштурууда негизги роль окурмандардын жеке индивидуалдык тапшырмасына таандык болуп эсептелет. Аларды атап айтсак: көрсөтүлгөн предмет боюнча рефераттарды коргоого даярдык көрүү, контролдук иштер жана курстук, дипломдук иштер ж.б.

Өз алдынча иштин негизги максаты – бул студенттердин ар кандай тапшырмаларды жана маселелерди чечүүдө өз алдынчалыкка үйрөтүү. Бул алардын билим сапатын жогорулатып, чыгармачылык ишмердүүлүгүн өстүрөт.

Жогорку окуу жайларында негизинен аудитордук окуу сааттары 36-40 сааттын ченинде болгондуктан студенттин өз алдынча иштөөсүнө дээрлик убакыт аз. Ошол себептен өз алдынча иштөөгө аудитордук сааттан сырткары өзүнчө саат бөлүштүрүлгөн [2].

Студенттин өз алдынча иштөөсүнө берилген сааттар ар кайсы өлкөлөрдө ар башка көрсөтүлгөн. Мисалы: Европа өлкөлөрүндө жана АКШда 1:3 катышы менен берилген. Башкача айтканда бул өлкөлөрдө дээрлик бир бөлүгү аудитордук саатка, ал эми калган үч бөлүгү өз алдынча ишке берилет дегенди түшүндүрөт [3].

Демек, ал өлкөлөрдө өз алдынча ишке убакыттын үч эсе көп берилүүсү адистерди даярдоодо жана билим сапатын жакшыртууда абдан эффективдүү болуп саналат. Негизги маселе өз алдынча иштин эффективдүүлүгүн жогорулатуу аркылуу билим берүүдө жаңы максаттарга сапаттуу жетишүү.

Жогорку окуу жайларында студенттердин өз алдынча иши кыргыз тили жана адабияты сабактарында да жолго коюлган. Ошол себептен адабият сабактарында улуу жазуучубуз Чыңгыз Төрөкулович Айтматовдун чыгармалары да ЖОЖдордо окуу планына киргизилип, практикалык жана өз алдынча иш сааттары каралган. Анткени, Ч.Айтматовдун чыгармаларын бир гана аудиториялык сабакта өздөштүрүү жетишсиз болуп саналат. Ошондуктан студенттин өз алдынча ишинде каралуусу чыгарманы сапаттуу өздөштүрүүсүн шарттайт. Мындан сырткары студенттин дүйнө таанымын өзгөртөт жана калыптандырат. Улуу жазуучубуз Ч.Айтматовдун ар бир чыгармасы өзүнчө философиялык мааниге ээ экендиги шексиз. Айрыкча, "Жамийла", "Биринчи мугалим", "Бетме-бет", "Саманчынын жолу", "Делбирим" повестери XX кылымдагы Кеңеш өкмөтүнүн алгачкы уюштурулуу жылдарынан тарта улуу ата-мекендик согуш учурундагы элдин жашоо турмушу, окуялары чагылдырылган. Ошол кездеги Кыргызстандагы агартуу системасында билим берүүгө болгон аракеттер "Биринчи мугалим" повестинде Дүйшөндүн образы аркылуу берилген [4].

Улуу жазуучубуз Ч. Айтматовдун чыгармалары дүйнө элдеринин бардык тилдеринде которулуп, жалпы ааламдагы окурмандардын баарына жеткиликтүү болду. Окумуштуу Д.И.Кузнецов белгилегендей анын "Жамийла" повести немис тилдүү өлкөлөрдө 37 жолу кайра бастырылып чыгарылып, жазуучубузга алгачкы дүйнөлүк данк алып келген. Ошондой эле окумуштуу "Биринчи мугалим" повести өткөн кылымдын жыйырманчы жылдарында Советтик өлкөлөрдө алгач сабатсыз калкка билим берүүнү уюштуруунун ары татаал, проблемалуу философиялык маселелерин кичинекей бир айылдагы Дүйшөндүн образы аркылуу ачып бере алды. Мындай процессти дүйнөнүн бардык өлкөлөрү басып өткөндүгүн белгилейт окумуштуу Д.И. Кузнецов [5]. Чыгармада Дүйшөндүн окуучуларынын сабатсыздыгын жоюга ынтызар экендиги жана анын окуучулары келечекте окумуштуу болуп чыга келгендиги белгиленет. Өз алдынча иштөө процессинде студенттин мындай маанидеги чыгарма менен кенен таанышуусу анын билимге болгон, келечеке болгон кызыгуусун арттырат.

Дагы бир окурмандарды ар тараптуу терең философиялык ойго салчу чыгарма бул Ч.Айтматовдун "Кылым карытар бир күн" чыгармасындагы маңкурттун образы. Бул образда терең философиялык ой камтылган. Азыркы ааламдашуу процесинде адамзат мурдакысын унутуп, жакшы жана адилеттүү келечекке умтулбастан күнүмдүк жашоосу менен алек болуп жүргөндүгүн айгинелейт.

Жазуучубуздун чыгармалары кеңири масштабда ар кандай философиялык ойду камтыгандыктан окурмандарды терең ойго салат. Анын негизинде аудиториялык сааттарда жана өз алдынча иштөө учурунда чыгарма менен таанышкан окурмандар ортосунда түрдүү пикирлер жаралып, дискуссия талкуу менен коштолот. Маселен мугалимдин максаты бир гана

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



баалуулуктар боюнча билим берүү эмес, ошол эле учурда студенттин ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн кеңейтүү керек. Башкача айтканда аны адамзаттын баалуулуктары тууралуу жеке оригиналдуу жана логикалык жактан туура ой жүгүртүүгө үйрөтүү керек. Ошондо гана окурманда нравалык жактан көз карашы, дүйнө таанымы калыптанат [6].

Ч.Айтматовдун чыгармаларында манилүү, маңыздуу тарбиялык маселелер камтылган. Чыгарманы окугандан кийин окурмандын таасир алуусу, өзүн эркиндикте сезүүсү, ийгиликтүү аткарган ишине канааттануусу пайда болот. Мындай психологиялык абал анын өзүнө болгон ишенимдүүлүк мамилесинин калыптануусун шарттайт. Эгер адам өзүнө өзү ишенимдүү болсо анда анын үй-бүлө үчүн, мекен үчүн жоопкерчилиги артат.

Азыркы учурда биздин коомго руханий жана интеллектуалдык жактан өнүккөн, элинин тагдыры үчүн жоопкерчиликти өз мойнуна алган жаштар керек. Азыркы жаштарыбыздын арасында мобилдүү, бардык социалдык сфераларда оперативдүү жана компетенттүүлөрү бар. Атап айтканда көп тилдерди билүүсү, информациялык жана компьютердик технологияларды өздөштүрө билген жаштар көп. Бирок дүйнөлүк интеграция жана глобалдашуу шарттарында жеке адамгерчиликтүү сапатсыз, глобалдык масштабда ой жүгүртө албоо жаштар үчүн туура чечим кабыл алуу кыйынга турат. Ошону менен катар адамзат кылымдар бою сактап келген баалуулук сапаттарын улантуу мүмкүн болбой калат.

Улуу жазуучубуз Ч.Айтматов дайыма бир гана улуттун же мамлекеттин проблемасын эмес, ал бүткүл адамзаттын маселесин көтөргөн. Анын чыгармаларындагы каармандары Толгонай, Субанкул, Жайнак, Майсалбек, Касым, Эдигей, Казангап, Алтынай, Дүйшөн жана башкалар эң мыкты адамгерчиликтүү сапаттарга ээ болушкан. Ошондуктан бул каармандарды окурмандар сүйүп окуп алардын тагдырына кам санашат [8].

Ч.Айтматовдун чыгармалары бир гана китеп бетинде эмес, маданияттын баардык тармактарында: кинодо, театрда, спектаклдерде чагылдырылып келет.

Студенттердин өз алдынча иштөөсүндө жазуучубуздун чыгармаларынан орчундуу суроолорду бөлүп, окутуучу студентке анын изденүүсүнө багыт катары сунуш кылса болот. Өз алдынча ишти эссе, реферат жана доклад түрүндө даярдаса болот.

Маселен:а) “Биринчи мугалим” повестине байланыштуу суроолор [4]:

1. Азыркы учурдагы окутуучулар менен Дүйшөндүн ортосундагы окшоштуктар жана айырмачылыктар кайсылар?

2. Азыркы учурду Алтынайга окшогон аракетчил балдарга кам көрүлөбү?

3. Дүйшөндөгү болгон асыл сапаттарды кайсыл учурда байкадыңар?

4. Окутуучулук кесипке кандай баа берет элеңер?

б) “ Эрте келген турналар” повестине талкуу жүргүзүү үчүн багытоочу маселелер:

1. Чыгармадан Султамурат катышкан эпизотторду белгилеп алардын негизинде Султанмуратка мүнөздөмө бергиле.

2. Текстен Султанмураттын досу Анатайга мүнөздүү сапаттарды таап, аны Султанмуратка тиешелүү сапаттар менен салыштыргыла.

в) “ Гүлсарат” повестине байланыштуу суроолор:

1. Танабай кичинесинен кандай адам?

2. Танабай сабатсызбы же куру намысчылбы?

3. Танабай кайсы идеяны ыйык тутту?

Студенттердин өз алдынча иштөөсүнүн жыйынтыгын билүү максатында тест тапшырмаларын сунуштаса да болот.

Маселен: 1.Ч.Айтматовдун “Биринчи мугалим” повестинде кайсы мезгил сүрөттөлөт?

а) Совет бийлиги орногонго чейинки мезгил;

б) Совет бийлиги орногондон кийинки алгачкы жылдардагы агартуу иштери;

в) Согуштан кийинки мезгилдер;

г) 60-80 жылдар;

2. Ч.Айтматовдун “Кыямат” романындагы “Моюнкум трагедиясы” бөлүмүндөгү белгиленген негизги проблемалар кайсылар?

а) экология, жаратылышты коргоо;

б) тарыхка этият мамиле жасоо;

в) илим-билимге умтулуу;

г) элдер ортосунда достукту чындоо;

Төмөнкү үзүндү Ч.Айтматовдун кайсы чыгармасыдан алынды?

3.“ Үлпүлдөгөн түнкү шоокумда салкын тартып, жер, сен дагы ошондо биз менен кошо жыргап жаттың”.

а) “Бетме-бет”

б) “Жамийла”

в) “Саманчынын жолу”

г) “ Гүлсарат”

4. Ч. Айтматов кайсы чыгармасы үчүн Лениндик сыйлыкты алган?

а) “ Жамийла”

б) “Гүлсарат”

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



в) "Тоолор жана талаалар"
г) "Ак кеме"
д) " Кылым карытар бир күн"

Жогоруда белгиленген тапшырмалардын негизинде студенттин өз алдынча иштөөсүнүн сапатын текшерсе болот. Анткени, студент аудиториялык сабактан сырткары берилген убакытта чыгармаларга кенен даярданып, белгиленген суроолорго так жооп бергенге аракет кылат.

Ч. Айтматов "Зарыл тактоолор" деген макаласында "Ак кеме" повестиндеги көтөрүлгөн маселелерге түшүндүрмө берип келип, адам баласы эзелтен бери эле өзүн курчап турган жаратылыш байлыгын жана кооздугун сактап калуу үчүн адамдардын турмуш тажрыйбасын, көз карашын, түшүнүгүн, сүйүү сезимдерин чыгармаларда чагылдырып, кийинки муун үчүн насыят калтыргандыгын белгилейт. Чыгармадагы легенда илимий-техникалык революциянын өнүккөн шартында чечмелене турган адам жана жаратылыш проблемасына олуттуу маани берүү керек экендигин эскертет.

"Ак кеме"– бул адамзаттын келечегинин аппак келечегинин тунук элеси. Ага умтулган укичинекей наристе – азыркы коомдун адамынын таза ар-намысынын, абийиринин, накта өзү.

Мүйүздүү Бугу-Эне жөнүндөгү жомок "Ак кеме" повестинин борбордук түйүндөрүнүн бири десек болот. Повесттеги Мүйүздүү Эне кыргыз тоолорундагы бугу гана эмес, ал баарынан мурда ата-бабалардан келе жаткан эзелтки мурас, символ, ыйык эненин элеси, адам баласы тутунган идеал. Чыгармада баланын мөлтүр сезимин талкалоого Орозкул канчалык өжөрлүк менен чоң муштумдуулукту, кара күчтү колдонсо да жеңе албайт. Бала жылт эткен өмүр жолунда дүйнөгө кандай таза абийир менен келсе, так ошондой абийир менен кетет. Биз үчүн баланын балык болуп кубулушу биз үчүн канчалык оор болсо да, анын жамандыкка аралашпай, наадандык менен келишпегендиги бул анын адамдык улуулугу. Бала балык болуп кубулуп, Ак кемени карай багыт алып сүзүп кетти, ал балким жомоктун аягы да, жыйынтыгы да ушудур. Эски жомок эски идеал кыйрады. Анын кунун алыш үчүн, жаңы идеалга шашуу керек, жетүү керек.

Турмушта ар кимдин аздектеген, умтулган Ак кемеси болуу керек. Повесттин бийик оптимисттик жыйынтыкталган философиялык маани-мазмуну ушунда болсо керек.

Жазуучунун "Саманчынын жолу" согуштун элге алып келген кыйынчылыгы башкача планда көрсөтүлгөн. Башкача айтканда адам жер эне менен сүйлөшөт. Повесттин башкы каарманы Толгонайдын образынын ачылышында Жер Эне менен сүйлөшөт. Жер Эненин образынын тандалып аланышы кокусунан эмес. Жердин образы жалпылагыч күчкө ээ. Ал нечен миңдеген кылымдарды башынан өткөрүп келет, нечен кылымдардан бери адам баласын жан сактатып келет.

Жер адам баласынын жакшылыгын да жамандыгын да көп көрдү. Ошондуктан Толгонай адам турмушундагы өзүн толкундаткан учурлар, нерселер тууралуу Жерге кайрылып, Жерге акыл салат, ал эми Жер да Толгонайдын кайгы-кубанычын, илгери үмүтүн, ак тилегин тен бөлүшүп ал тургай анын бала күнүнөн берки өмүрү менен жакшы тааныш.

Повестте кээде Жер бардык нерсени көрүп-билип, бүткүл сөөлөтү, алп денеси, планетардык масштабдуулугу менен көрүнүп чыга келет. Ал Толгонай менен сүйлөшкөн учурларында, ага берген жооpторунда өзүнүн улуулугуна, касиетине тете келген улуу сөздөр менен сүйлөйт. Өзүнүн атынан жамаат, адам баласына кайрылып: "Эй адамдар, дүйнөнүн төрт бурчунда жашаган адамдар, силерге эмне керек – Жерби? Мына мен – Жермин, баардык адам баласына тенмин, мага талашынардын кереги жок, мага ынтымак керек! Эмгек керек! Айдоого бир дан таштасанар, жүздөн кылып берем, чырпык таштасанар чынар кылып берем, бак отургузсанар мөмө төгүп берем, там тургузсанар дубал болуп берем, баарыңарга жай болуп берем. Мен түгөнбөймүн, таарынбаймын, кенчмин, мен баарынарга тегиз жетем" дейт. Келтирилген текстте Жет адам баласынын тагдырын ойлонто турган сөздөрдү сүйлөйт. Ал сөздөр жер жүзүндөгү адамдарга тиешелүү проблемаларды сыйдырып жалпылагыч деңгээлге көтөрүлгөн. Ушундай эле жалпылуулук Толгонайдын образына да дал келет.

Бул келтирилген окуялар тууралуу мугалим сабак учурунда да маалымат берет. Ошондой болсо да окуяга сүнгүп кирип аны студент ойунда жана кыялында элестетип сезе билүүсү үчүн өз алдынча ишинде окуп терең иликтеп, дагы бир бекемдеп алуусу абзел.

Студенттердин өз алдынча ишинде Ч.Айтматовдун жогоруда берилген чыгармаларын сунуштоо, камтуу жана талдоо абдан маанилүү. Ч. Айтматовдун чыгармалары, повесттери ар бири терең философиялык мааниге ээ жана адамзат турмушунан алынган фактыларга таянып жазылган. Мындай маанилүү чыгармаларды бир гана аудиториялык сабактарда карап коюу жетишсиз. Анын терең маанисине сүнгүп кирүү үчүн студенттердин өз алдынча ишинде каралуусу

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



абзел. Студенттер өз алдынча да окуп үйрөнүп иликтөө менен терең маанисине жетип, өз турмушунда пайдаланып жана жекече жыйынтык чыгарып эркин калыптануусуна алып келет. Студенттердин философиялык ой жүгүртүүсүн, аң-сезиминин туура багытта өнүгүүсүнө түрткү берет.

**Адабияттар:**


1. Алханов А.Ф. Самостоятельная работа студентов. // «Высшее образование в России» Илимий журналы, №11, - 2005. - 86-89-бб.
2. Сенашенко В., Жалнина Н. Самостоятельная работа студентов: актуальные проблемы. // «Высшее образование в России» Илимий журналы, №7, - 2006. - 103-109-бб.
3. Хакунова Ф.П. Проблемы организации самостоятельной работы студентов. / Адыгей мамлекеттик университетинин Жарчысы. - Серия №3. - 32-б.
4. Исаков К., Акматов К. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын орто мектепте окутуу. - Ош, 2008. - 5-100-бб.
5. Кузнецов Д.И. Чингиз Айтматов – писатель евразийского пространства. - Санк-Петербург, 2014. - 29-б.
6. Акматалиев А. Чингиз Айтматов: жизнь и творчество. - Бишкек, 1991.
7. Гачев Г. Чингиз Айтматов. - Фрунзе: Кыргызстан, 1982.
8. Муратов А. Преподавания кыргызской литературы: теория и практика. / «Известия вузов Кыргызстана» журналы, №4. - Бишкек, 2016. - 164-168-бб.